Токтом №5

29.05.21 Катышканы-28

Күн тартибинде:

1. Окуу жылынын аягында 2-4-класс окуучуларынын окуу техникасына анализ
2. Окуучулардын жетишүүсү жана катышуусу боюнча IV чейректин жыйынтыгы
3. Жыйынтыктоочу мамлекеттик экзаменди өткөрүү

Биринчи маселе боюнча башталгыч класстар усулдук бирикменин жетекчиси Садирова Алтынай сөз сүйлоду.

Угулду:

Мен окуу бөлүмүнүн башчысы Гулмира эжеке менен биргеликте башталгыч класстардын окуу техникасын алдык.

| Классы | Окуучулардын жалпы саны | Нормадан жогору | Нормада | Нормага жетпейт | Муундап окуганы |
|---|---|---|---|---|---|
| 2-б класс | 29 окуучу | 10 окуучу | 16 окуучу | 2 окуучу | 1 окуучу |
| 2-в класс | 24 окуучу | 5 окуучу | 15 окуучу | 4 окуучу | - |
| 2-г класс | 27 окуучу | 10 окуучу | 13 окуучу | 4 окуучу | - |
| 2-д класс | 24 окуучу | 6 окуучу | 13 окуучу | 5 окуучу | - |
| 3-а класс | 21 окуучу | 4 окуучу | 12 окуучу | 5 окуучу | - |
| 3-б класс | 35 окуучу | 6 окуучу | 24 окуучу | 5 окуучу | - |
| 4-класс | 38 окуучу | 5 окуучу | 27 окуучу | 6 окуучу | - |

Жарыш сөзгө адеп мугалими Карабаева Р. сөз сүйлөдү.

Угулду:

Мен баятан бери эжекенин отчётун башында маселе уктум. Азыр жаш мугалимдер жан дили менен иштешпейт, капа болбогула, болгонун айтам. Нормага жетпеген окуучулар менен жекече иш алып баруу керек. Ата-энелер менен тез-тез байланышып туруу керек. Мурда өзү орус тилчи кийин башталгыч класс мугалими Айзада Маматова , Алина Носамовна деген мугалимдер болгон. Класстары дайыма алдыда болгон. Сабактан кийин сабакка жетишпеген окуучулар менен жекеме-жеке иштешкен. Көп окуучулары бүгүнкү күндө жогорку маалыматтуу .

О.э. жарыш сөзгө тарых мугалими Ттуманов Куштар сөз сүйлөдү.

Угулду:

Балдар башталгыч класста шар окуш керек. Кийин жогорку класс болгон сайын предметтер кыйындай баштайт. Башталгыч класста пайдубалды жакшы түзүү керек. Анткени мен жогорку класстарга сабак өтөм, кээ бир окуучуларды оку десем муундап окуйт. Ким күнөөлүү? Ошол үчүн башталгыч класс мугалимдери балдар менен көбүрөөк иштөөсү керек. Мына ошондуктан окуучулардагы класстын пайызын көтөрмөлөбөш керек.

Жогорудагыларды угуп талкуулап пед.кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

1. 2-4-класстардын окуу ылдамдыгы канааттандыраарлык деп табылсын.

Экинчи маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Женмуратова Гулмира сөз сүйлөдү.

Угулду:

Мен 4-чейрек боюнча кыскача маалымат берип өтөйүн.

Жыл башында 559 окуучу менен окуу жылын баштасак, IV чейрек аягында 571 окуучу менен окуу жылын аяктадык. Жыл ичинде 104 окуучу келсе, 92 окуучу кетти. Ал эми жетишүү, катышуу боюнча айта кетсем:

1-класс 123 окуучу

| Классы | Окуучулардын жалпы саны | "Эң жакшы" | "Жакшы" | "Орто" | Билим сапаты |
|---|---|---|---|---|---|
| 2-б класс | 30 окуучу | 8 окуучу 27% | 8 окуучу 26% | 14 окуучу 42% | 33% |
| 2-а класс | 18 окуучу | 1 окуучу 5% | 5 окуучу 28% | 12 окуучу 67% | 44% |
| 3-класс | 32 окуучу | 4 окуучу 13% | 10 окуучу 31% | 18 окуучу 56% | 65% |
| 4-а класс | 17 окуучу | 1 окуучу 6% | - | 5 окуучу 29% | 65% |
| 2-4-класс | 120 окуучу | 17 окуучу 14% | 40 окуучу 33% | 63 окуучу 53% | 28% |
| 4-б класс | 23 окуучу | 3 окуучу 13% | 12 окуучу 52% | 8 окуучу 35% | 52% |
| 5-а класс | 23 окуучу | 1 окуучу 4% | 8 окуучу 31% | 14 окуучу 65% | 33% |
| 5-б класс | 23 окуучу | 1 окуучу 4% | 9 окуучу 39% | 13 окуучу 37% | 43% |
| 5-в класс | 30 окуучу | 4 окуучу 13% | 8 окуучу 27% | 11 окуучу 60% | 40% |
| 6-а класс | 24 окуучу | 2 окуучу 4% | 5 окуучу 25% | 17 окуучу 71% | 29% |
| 6-б класс | 34 окуучу | 3 окуучу 15% | 7 окуучу 20% | 22 окуучу 65% | 35% |
| 7-класс | 26 окуучу | 2 окуучу 6% | 7 окуучу 27% | 17 окуучу 65% | 35% |
| 8-класс | 30 окуучу | 1 окуучу 3% | 8 окуучу 27% | 21 окуучу 70% | 30% |
| 9-класс | 31 окуучу | 1 окуучу 3% | 9 окуучу 29% | 21 окуучу 68% | 43% |

Жалпы билим сапаты-43% ды түздү.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап пед.кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

2.IV чейректин жыйынтыгы канааттандыраарлык деп табылсын.

Үчүнчү маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Женмуратова Гулмира чыгып сүйлөдү.

Угулду:

2020-2021-окуу жылындагы 9-класстын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы төмөндөгүдөй тартипте өткөрүлдү.

1. Математика (алгебра)- 02.03.06 2021. 9:00
   Мугалими-Боркобаева Г.
   Ассистенттер: Абдуганар к. Г. Маккамбаева А.
2. Кыргыз тили жана адабияты- 04.07.06. 9:00
   Мугалими-Сайпидинова У.М
   Ассистенттер: Маккамбаева Ф.
3. Кыргызстандын тарыхы-08.10.2021 9:00

Мугалими-Туманов К.К.

Ассистенттер: Сайпидинова У.М.

4. Орус тили 11.12.06 2021 9:00

Ар бир предметке өзүнчө папкалар ачылып окуучулардын жазуу иштери салынды.

| Предмети | Окуучулардын саны | "5" | "4" | "3" |
|---|---|---|---|---|
| Математика | 31 окуучу | 9 окуучу | 12 окуучу | 10 окуучу |
| Кыргыз тили жана адабияты | 31 окуучу | 3 окуучу | 12 окуучу | 16 окуучу |
| Кыргызстандын тарыхы | 31 окуучу | 6 окуучу | 16 окуучу | 9 окуучу |
| Орус тили | 31 окуучу | 6 окуучу | 9 окуучу | 16 окуучу |

Мына ушинтип бүтүрүү экзамендерин да бүттүк.

Жарыш сөзгө мектептин усулдук кеңешинин жетекчиси Сайпидинова У.М. сөз сүйлөдү.

Угулду:

Урматтуу мугалимдер мына быйылкы окуу жылы да аяктап жыйынтыктар чыгарылды.

Кырдаалга байланыштуу IV чейрек онлайн түрүндө өтүлдү. Шартка карата ЖМАда болуп өттү.

Эми менин айтайын дегеним, жылда эле биз календардык пландардын аткарылышан анализ чыгарабыз. Ар бир предметтик мугалимдердин жыл ичинде өткөрүлгөн сабактары алардын план менен дал келишин, аткарылгандыгын тактап анализдеп чыктык.

Онлайн мезгилинде да сабактардын ийкемдүү графиги, жадыбалы түзүлүп, календардык планда жазылган, берилген сабактар өз убагында өтүлүп жатты.

Майрам күндөрүнө туш болгон сабактар мурунку чогулушта айтылгандай кошумча сабактарды өтүү менен 1 сабакта 2 тема боюнча түшүнүк берүү аркылуу жетиштирилип өтүлдү.

Жыйынтыктап айтканда быйылкы 2020-2021-окуу жылындагы мугалимдердин предметтер боюнча календардык пландардын аткарылышы жетишерлик деңгээлде экендиги аныкталды. Тактап айтканда мугалимдер календардык планда көрсөтүлгөн саьактарды толугу менен аткарышты.

Жогорудагыларды угуп талкуулап пед.кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

1. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы канааттандыраарлык деп табылсын.

Мектептин директору: Эрматов А.К.

Катчы: Сайпидинова У.М.